УДК: 573.4:372.857(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-130-135

**Сатыбекова М.А.**
пед. илим. канд., доц.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Бишкек ш.
msatybekova@bk.ru

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ПРЕДМЕТТИК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ МОТИВАЦИЯЛОО ЖОЛДОРУ

**Аннотация.** Макалада мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүктөрүн калыптандырууну мотивациялоо жолдору биологияны окутуунун мисалында каралат. Биология курсунда окуучулардын предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдеринин структуралык компоненттеринин калыптанышы эксперименталдык тажрыйбанын негизинде тастыкталды. Изилдөөнүн натыйжалары жалпы билим берүүчү уюмдарда жана биология мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу курстарында колдонулат.

**Негизги сөздөр:** мотив, стимул, предметтик ишмердүүлүк, адамдык муктаждыктар, мотивациянын стадиялары, мотивдин структурасы, мотивациялык чөйрө, инсандык касиет, предметтик биологиялык көндүмдөр.

**Сатыбекова М.А.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына
г. Бишкек
msatybekova@bk.ru

# СПОСОБЫ МОТИВАЦИИ ФОРМИРОВАНИЯ ПРЕДМЕТНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ШКОЛЬНИКОВ

**Аннотация.** В статье рассматриваются способы мотивации формирования предметной деятельности школьников на примере обучения биологии. На основе экспериментального опыта происходит формирование структурных компонентов мотивов предметной деятельности учащихся в курсе биологии. Результаты исследования могут быть использованы в общеобразовательных организациях и в курсах повышения квалификации учителей по биологии.

**Ключевые слова.** Мотив, стимул, предметная деятельность, потребность человека, стадии мотивации, структура мотива, мотивационная среда, личностные свойства, предметные биологические навыки.

**Satybekova M.A.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn
Bishkek c.
msatybekova@bk.ru

# METHODS OF MOTIVATION FOR THE FORMATION OF SUBJECT ACTIVITY OF SCHOOLCHILDREN

**Abstract.** The article discusses ways to motivate the formation of the subject activity of schoolchildren on the example of teaching biology. On the basis of experimental experience, the formation of the structural components of the motives of the objective activity of students in the course of biology is confirmed. The results of the study are used in general education organizations and advanced training courses for teachers in biology.

**Keywords.** Motive, stimulus, subject activity, human need, stages of motivation, motive structure, motivational environment, personal properties, subject biological skills.

Мотивация адамдын жүрүм-турумунун кыймылдаткыч күчү катары окуучулардын инсандык калыптанышында алдыңкы орунду ээлейт, анткени алардын өсүү багытына, эмоцияларына, жөндөмдөрүнө жана предметтик ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүнө таасир тийгизет.

Жеке окуучунун мектеп предметин өздөштүрүүгө болгон мотивациясын «жакшы-жаман», «жогорку-төмөн» деген өңүттө мүнөздөөгө болбойт, ар бир учурда анын өзүнүн сапаттык өзгөчөлүктөрү бар. Мотивация мектеп окуучуларынын негизги компетенцияларын өзүнүн төмөнкү жеке компетенциялары менен толуктайт: “билүү үчүн окуу”, “жашоо үчүн окуу”, “бир нерсени жасоо үчүн окуу”, “бар болуу үчүн окуу”.

Демек, мугалимдин биринчи кезектеги милдети – мектеп предмети аркылуу окуу мотивдеринин өз ара байланышын аныктоо, түшүнүү жана алардын оң өнүгүүсүнө шарт түзүү. Мындан тышкары, мотивациялык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн билүү менен, окуучунун предметтик ишмердүүлүгүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн баалоого, иш-аракеттин мотивациялык компонентин эске алуу менен дисциплинаны үйрөтүүгө болот.

Изилдөөнүн алкагында адабияттардагы теориялык жалпылоолорду окуучулардын мотивациясын өнүктүрүү проблемасы боюнча өз көз караштарыбыз, аны чечүүнүн өз алдынча мамилесин иштеп чыгуу муктаждыктары жаралды. Психологиялык, педагогикалык жана методикалык адабияттарда мотив түшүнүгүнүн көптөгөн аныктамалары бар, аларга ылайык аны түшүнүүгө бир нече ыкмаларды бөлүп көрсөтүүгө болот: *мотив-стимул катары, мотив-муктаждык катары, мотив-муктаждыкты канааттандыруунун субъектиси катары, мотив-ниет катары, мотив-инсандык касиет катары* ж.б.

Е.П. Ильин [3], К.К. Платонов [5], С.Л. Рубинштейн [6] мотивди ойгонуу жана себеп катары түшүнүүнү өз эмгектеринде чагылдырышкан.

Бул эмгектерде «мотив» жана «стимул» деген түшүнүктөрдүн бөлүнүшү негизги орунда турат. “Стимул” – адамдын аракетин, ишмердүүлүгүн, анын каалоолорун, умтулууларын ойготуучу күчкө ээ. Кайсы бир тышкы факторлор дагы стимул болушу мүмкүн. Ошондуктан, уламдан-улам көбүрөөк изилдөөчүлөр мотив адамда пайда болгон кандайдыр бир ойгонуу эмес, анын ишмердүүлүккө (аракетке, ишмердүүлүккө) даярдыгын чагылдырган ички аң-сезимдүү муктаждык деп эсептешет.

Мотив (лат. movere – кыймылга келтирүү, түртүү) – адам үчүн баалуу болгон жана анын ишмердүүлүгүнүн векторун аныктоочу материалдык объектилердин жалпыланышы [2]. Субъект мотивди спецификалык эмоциялар катары кабыл алат, алар адам өзүнө жагымдуу күтүү абалында болгондо позитивдүү, же эгерде адам ишинин чыныгы абалы анын күтүүсүнө жооп бербегендигине нааразы болсо терс болушу мүмкүн.

«Мотив» термини көбүнчө максат жана муктаждыктын синоними катары

колдонулат, бирок мындай синонимдөө туура эмес. Муктаждык – бул адамдын кандай-дыр бир ыңгайсыздыкты жоюуга болгон каалоосу, ал эми максат – мотивдин талаптарын кана-аттандырууга багытталган процесс.

Жогоруда айтылгандай, иш-аракет мотивинин структурасы жана анын этаптары калыптанганда, төмөндөгүлөрдү схемалык түрдө көрсөтүүгө болот [1].




**1-схема. Мотивдин структурасы жана анын калыптануу стадиялары**

Мотивдин компоненттерин жана анын өнүгүү этаптарын билүү биологияны окутуу процессинде белгилүү бир окуучунун чечимин, анын иш-аракетинин багытын, өнүгүүсүн алдын ала билүүгө мүмкүндүк берет (1 -таблица).

**1-таблица. Биология курсунда окуучулардын предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдеринин структуралык компоненттери**

| **Мотивдин струк-туралык компоненттери** | **Предметтик ишмердүүлүктүн мотивдери** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **таанып илүүчүлүк предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдери** | **өзгөртүпжаратуучу предметтик предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдери** | **баалуулукка багытталган предметтик ишмердүүлү гүнүн мотивдери** | **коммуникативдик предметтик ишмердүүлү гүнүн мотивдери** |
| Муктаждык блогу | - окуучулардын жогорку таанып-билүү Активдүүлүгү, Изденүүчүлүгү, - жаратылыш кубулуштарын билүүгө ынтызарлык; - биологиялык билимдин мазмунундагы жаңылыктарга муктаждык. | - өсүмдүктөргө жана жаныбарларга кам көрүүгө муктаждык; - адамдын ден соолугунун бузулушунун себептерин аныктоого умтулуу; | - жаратылыш аркылуу өзүн-өзү өркүндөтүү; - инсандык өсүү жана маданий өнүгүү; - биологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү, мыйзамдарды ж.б. өздөштүрүүгө болгон муктаждык; - окуу ишмердүүлүгүндөгү ийгиликсиз-диктен качуу | - ата-энелери, курбулары, мугалимдери тарабынан кубаттоо ийгилигине муктаждык; - жаратылышты үйрөнүүдө иштеп жаткан курбулар менен баарлашуу зарылдыгы; - биология сабагында класста Психологиялык жагымдуу маанайга муктаждык |
| "Ички фильтрдик" блок | - биологиялык мазмундагы илимий фактыларга болгон кызыгуу; - жаратылыш объекттерине байкоо жүргүзүүгө ыктуулук, аларды | - табиятка жакын кесиптерге кызыгуу; - биологиялык мазмундагы ыктардын, хоббинин болушу; - үй жаныбарларын багууда жана бөлмө өсүмдүктөрүнө кам көрүүдө | - биологиялык билим берүүнүн маңызын, жаратылышты коргоо жана сактоонун маанисин түшүнүү; - адамдардын жана өзүнүн табияттагы жүрүм-турумун экологиялык | - окуу ишмердүүлү-гүндө ата-эненин алдындагы милдетти, жоопкерчиликти сезүү; - экстраверттүү инсандык багыт; - башка адамдар тарабынан макталууга жана урматталууга басым жасоо |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | таанып билүүгө кызыкдарлык;<br>- биологиялык мазмундагы илимий фактыларды далилдөөдө, аргументтөөдө интеллектуал-дык канааттануу-ну сезүүгө багыт алуу | жоопкерчилик-ти, милдетти сезүү;<br>-жаратылышты үйрөнүүдө аны изилдөөдө гумандуулук-тун басымдуулугу | этиканын нормаларына ылайык талдоо жөндөмдүүлүгү. | |
| Максат-тык блок | - жандуу объекттерди, табият кубулуштарын билүү жана аларды классификация лоо;<br>- жаратылышка жеке байкоо жүргүзүү аркылуу өз алдынча биологиялык билимдерге ээ болуу;<br>- эволюциялык өнүгүүдө адамдын орду жана ролу жөнүндө түшүнүккө ээ болуу | - илимий талаптарга ылайык бөлмө өсүмдүктөрү-нө,үй жаныбарлары-на кам көрүү;<br>- жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү алдын ала болжолдоо;<br>- биологиялык мазмундагы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;<br>- биологиялык багыттагы кесипке ээ болууга багыт алуу | - өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды белгилери боюнча системалаштыруу;<br>- биологиялык маселе, Тапшырмаларды чечүү;<br>- табигый объектилерди көркөмдөө чеберчилиги (сүрөт тартуу, флористика, икебана ж.б.);<br>- биологиялык билим жана көндүмдөрдү коомдун жыргалчылыгы үчүн пайдалануу | - биология боюнча жакшы баалардын болушу, биологиялык олимпиадаларга ж.б.катышуу;<br>- ата-энесинин, теңтуштары жана мугалимдердин мактоосуна, урматтоосуна ээ болуу;<br>- курдаштары менен баарлашуу биология сабактарында, биологиялык кружокто жана класстан тышкаркы учурларда табият койнунда практикалык иш-чараларды уюштуруу;<br>- адамдарга экологиялык этиканын негиздерине таянып табият койнунда туура иш-аракеттерди жасоо боюнча өз көз карашын тартынбай айтууга көнүгүү |

Биология курсунда мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн мотивациялык негизди иштеп чыгууда биз биологиянын мазмуну окуучунун инсандыгын калыптандырууда зор эмоционалдык потенциалга ээ экенин аныктадык. Мисалы, биология предмети окуучуларды башка эч бир предмет үйрөтпөгөн жаратылыштагы жапайы көп түрдүүлүктүн, гармониянын, сулуулуктун жана максатка ылайыктуулуктун мыйзамдары менен тааныштырат жана алардын кызыгуулары жана муктаждыктарын калыптандыруу үчүн зарыл жана жетиштүү шарттарды түзөт [7].

Ушундан улам биз эксперименталдык окутууда чоң «эмоционалдык» милдеттерди коюп, анын оң эмоционалдык фонго ээ болушунун, мугалим тарабынан атайын сунуш кылынган тапшырмаларды эмоционалдык-эрк чөйрөсүн жаратуу менен аткарылгандыгын белгилеп кетүүгө болот. Биология сабагы эмоция жана сезим менен айкалышканда гана окуучуга таасирдүү болуп, бул нерсе жеке инсандык мүнөз менен шартталат. Биологияны окуу процессинде балдардын бардык тирүү жандыктарга жасаган эмоционалдык мамилеси жана социалдык иш – аракеттери көрүнөт.

Мотивацияны өнүктүрүү, демек, негизги жашоо компетенцияларын өнүктүрүү үчүн эксперименталдык методикага төмөнкү талаптарды киргизүүгө туура келди:

- окуу тапшырмаларынын оптималдуу татаалдык деңгээлге ээ болушуна көз салуу, окуучусу компетенттүүлүктүн жана чеберчиликтин элементтерин көрсөтүшүнө салым кошкон;
- окуучунун эркиндигин чектебей, окуу тапшырмасын тандоо укугун берүү;
- окуучулардын ички кызыгуусун калыптандырууга өбөлгө түзө турган жаңычыл жана аларды ишке ашыруу процессинде күтүлбөгөн натыйжага ээ болуучу элементтерди камтыган окуу тапшырмаларын тандоо;
- окуу максаттарын “жогорудан” таңуулабай, окуучулар менен бирге аныктоо;
- биология мугалими туура маалымат булактарын берүүдө, же изденүүсүндө үмүтсүздүк пайда боло баштаган окуучуларга өз жардамын көрсөтүп багыт берип туруу;
- жумушчу топтордун үзгүлтүксүз отчетторуна жана класстык талкуу учурунда пикир алмашууга мүмкүнчүлүк берүү;
- биология мугалими окуучулардын изилдөө иштерине сын көз караште болуп, ишти жакшыртуу жана изилдөөнүн жаңы багыттарын алдыга жылдыруу боюнча сунуштарын айтып турушу;
- проблемага болгон кызыгуунун жоголуу белгилери байкалгыча класстык талкууларды, изилдөөлөрдү жана иштердин аягына чыгуусу;
- мотивацияны сактоо менен ыктыярдуу негизде маселенин үстүндө иштөөнү улантууга айрым окуучуларга уруксат берүү;
- мектеп окуучуларынан жаңы, тааныш эмес, алар үчүн маанилүү жана кызыктуу болгон түрдүү жана татаал маселелерди чечүүнү талап кылуу;
- сабакта атаандаштык кырдаалдарды азыраак колдонуу менен окуучунун өз натыйжаларын жана жетишкендиктерин талдоо жана салыштырууга көнүктүрүү;
- биология боюнча окуучуларга жаңы деп саналган ишмердүүлүктөргө класстагы жана класстан тышкаркы иштерде катышууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүү (лидерлик, инновациялык, изилдөөчүлүк ж.б. иштерге);
- окуучулар менен бирге аларга окуу жана инсандык багыт боюнча жаңы, мазмундуу милдеттерди коюу;
- жогорку көрсөткүчкө жетишүү зарылдыгынын туруктуу көрсөткүчү
- өз алдынча окуу иштерин аткаруудагы жогорку чектеги тапшырмаларды (отчетторду даярдоо, озуп өнүктүрүүчү тапшырмалар, практикалык иштер ж.б.) аткаруунун маанисин түшүндүрүү;
- мектеп окуучуларына тажрыйбанын кээ бир түрлөрүн алууда тоскоол болгон көрсөтмөлүү эрежелерден алыс болууга же өз натыйжаларынан алган канааттануу сезимдерин жашырууга мажбурлабоо ж.б.

Жогорудагы талаптарды аткаруу компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын комплексин сабактарда системалуу колдонуунун эсебинен жарым-жартылай эксперименталдык окутууда чечилди [8]. Жаратылыш обьектерин, кубулуштарын билүү, баарлашуу, өзгөртүү жана баалоого үйрөнүү тапшырмалары окуучулар үчүн кызыктуу, оригиналдуу, жогорку деңгээлдеги жаңылыктуу болду. Ал эми аларды ишке ашырууда мектеп окуучуларынын предметтик ишмердигин уюштуруунун ар түрдүү формалары ишке ашырылды.

Бул айтылгандардан, мотивацияны эске алуу менен, компетенттүү мамилеге таянган окуунун борборунда окуучулардын өз алдынча изденүүсү, жоопкерчилик, аң-сезимдүү предметтик ишмердүүлүк, өздүк максатка жетүү турат.

Ошентип, окуучулардын мотивациялык чөйрөсүн эске албай туруп анын инсандыгын жана предметтик-биологиялык көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камсыз кылуу мүмкүн эмес. Мектеп окуучуларынын мотивациялык чөйрөсүн изилдөө үчүн “Биология сабагында мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдерин изилдөө” анкетасы [4] боюнча сурамжылоо жүргүзүлдү. Педагогикалык эксперименттин шартында окуучулардын

предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивациясынын өнүгүү динамикасын аныктоо үчүн эксперименталдык жана контролдук класстардагы окуучулардын арасында анкетанын жардамы менен алынган натыйжаларды эксперименталдык окууга чейин жана андан кийин салыштырдык.

Экспериментке чейин жана эксперименттен кийин 7-8-класстын окуучуларынын контролдук жана эксперименталдык класстарында “Биология сабагында мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдерин изилдөө” анкетасы боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары 2 - таблицада берилди.

**2 - таблица. Биология сабагында мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдерин изилдөө анкетасынын жыйынтыгы**

| Деңгээлдер | Экспериментке чейин | | Эксперименттен кийин | | Экспериментке чейин | | Эксперименттен кийин | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 7-кл. КК (% мн) | 7-кл. ЭК (% мн) | 7-кл. КК (% мн) | 7-кл. ЭК (% мн) | 8-кл. КК (% мн) | 8-кл. ЭК (% мн) | 8-кл. КК (% мн) | 8-кл. ЭК (% мн) |
| **Төмөнкү** | 55 | 56 | 53 | 26 | 48 | 47 | 44 | 24 |
| **Ортонку** | 34 | 34 | 36 | 43 | 43 | 45 | 46 | 41 |
| **Жогорку** | 11 | 10 | 11 | 31 | 9 | 8 | 10 | 35 |

Биология сабагында мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивдерин изилдөө анкетасынын жыйынтыгын карап көрсөк, экспериментке чейинки эң төмөнкү деңгээл 7-класстын эксперименталдык классында (56), ал эми жогорку деңгээл 7-класстын контролдук классында (11) байкалды. Эксперименттен кийин эң төмөнкү деңгээл 8-класстын эксперименталдык классында (24), ал эми жогорку деңгээл 8-класстын эксперименталык классында (35) болду. Демек, бул алгачкы көрсөткүчтөн 3,5 эсеге жогору дегендикти билдирди. Демек, мындан биз биология сабагында мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүгүнүн мотивациялоо ишке ашканын көрө алдык.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Андреева, Н.Д. Методика обучения биологии в современной школе: учебник и практикум для вузов / Н.Д. Андреева, И.Ю. Азизова, Н.В. Малиновская // Под. ред. Н.Д. Андреевой. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Юрайт, 2023. – 300 с.
2. Зимняя И.А. Педагогическая психология: Учебник для вузов. Изд. 2-е. доп., и перераб. – М.: Логос, 2002. – С. 217–220.
3. Ильин Е.П. Мотивация и мотивы. – М.: Питер, 2011. – 511 с.
4. Коростелева, Т. В. Мотивация предметной деятельности школьников при обучении биологии: проблема развития и диагностика. Монография / Т.В. Коростелева, Н.А. Курдюкова. – М.: МГПУ, 2004. – 208 с.
5. Платонов К.К. Структура и развитие личности: психология личности / К.К. Платонов, А.Д. Глоточкин. – М., Наука, 1986. – 256 с.
6. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. – СПб.: Питер, 2002. – 720 с.
7. Сатыбекова М.А. Биологияны окутууда предметтик компетенттүүлүктөрдү окуучунун универсалдык окуу аракеттери менен бирге калыптандыруу маселелери // КББА Кабарлары. – Бишкек, 2021. – №3(55). – 72–79 б.
8. Сатыбекова М.А., Асипова Н.А. и др. Формирование предметной компетентности учащихся с использованием компетентностно-ориентированных задач // Перспективы науки и образования. SCOPUS. – 2023. – № 2 (62).

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Чыныбаев Р.**